Өзгөн райондук БЧБнун
директору У.Абжапаровага
Ж.Маматжанов атындагы
№58 орто мектебинин тарбиялык
иштеринин уюштуруучусу
Солпуева Сабилеттин
2019-2020- окуу жылындагы аткарган
иштери боюнча

# Маалымат.

2019-жылдын 1-сентябрында – Билим күнүнө карата салтанаттуу азем өткөрулдү. 31-август КРнын эгемендүүлүк күнүнө, Билим күнүнө карата докладдар окулуп, тарбиялык ачык сааттар өтүлдү.

23- сентябрь күнү Мамлекеттик Тил күнүн 30 жылдык маарекесине карата ачык сааттар: С.Орозбаева "Кыргыз тилин , дилин сыйлайлы" , М.Нуржанова жана Ш.Касымбекова "Эне тилим – эне сүтүм" аттуу КВН ,

Улгайгандарды сыйлоо боюнча буйруктагы аткарылган иштер Т.Мурзакматова "Карылар үйдүн-куту" 2-а класс, Д.Сыргабаева " Карысы бар, ырысы бар" тарбиялык саатар өткөрүлүп, көргөзмөлөр уюштурулду. Сүрөттөр, слайддар көрсөтүлдү. Тимурчулар командалары менен карыялардын үйлөрүнө барып жардам берип келишти.

Мугалимдер күнүнө карата "Ыр түрмөктөр" концерттик программалар аткарылды.

"Алтын күз", Күз берекеси " аттуу көргөзмөлүү сабактар өтүлдү.

Окуучулар менен биргеликте жол эрежелерин так сактоо жана кылмыштуулуктун алдын алуу максатында ата-энелер, ИДНдин кызматкерлери менен биргеликте тегерек столдор өткөрүлдү.

"Манас жаштары" уюмунун катарына кабыл алуу аземи өткөрүлүп , "Манас" кошуундун мүчөлөрүн "төш белги "-40 сом , күбөлүк-30 сом , "Семетей" кошуундун күбөлүк-30 сом, "Сейтек" кошуундун күбөлүгү -30 сомдон мүчөлөрүнө күбөлүк тапшырылды.

"Туулган жердин жаратылышы" сүрөт сынагын өткөрүп , Калысбек уулу Бакытбек, Нурмухамед Султанбековдун сүрөтү жакшы деп табылды.

"Кыргызстан таза өлкө" сынагында дил баян жазылып 11-класстын окуучусу Заирбек уулу Куштарбектин "Мен Кыргызстанды кантип сактай алам" , "Кыргызстандын тазалыгын кантип сактаймын" Тилекова Луизанын жазганы жакшы деп бааланды .

"Жаш муундарды аймакты таануу" жүрүшүн дене тарбия мугалимдери менен биргеликте өткөрүп , аймактын адырларын, бийик жерлерин көрүп, компас менен иштөөнү, чатыр тигип, жай ырастоону , отун жыйнап , от жагып тамак бышырууну, бири-бирин сыйлоону , улууларды урматтоону аз да болсо үйрөндү, талаада штаб табуу сынагын уюштуруп, "Алга " жаатты биринчиликти багындырды. . Бул буйруктун мааниси балдарга өзгөчө таасир калтырды.

Scanned with CamScanner

" Күзгү топ" 7-11-класстар аралыгына өткөрүлдү. Окуучуларга "Диплом " ,грамоталар , "Мыкты оюнчу", номинациялар берилди.
"Көңүлдүү старт" оюнун 2-6-класстар аралыгына өткөрүлүп, аларга да кызыктырылуучу белектер берилди.

" 1-декабрь- СПИДке каршы күрөшүү күнүнө " карата келген 19-ноябрь 2019-жыл. № 128-2 буйруктун негизинде " СПИД- жыйырма биринчи кылымдын чумасы", "СПИДке каршыбыз" , сүрөттөр , көргөзмөлөр, слайддар көрсөтүлдү.
3- декабрь -Мүмкүнчүлүгү чектелген балдар күнүнө карата- Акматов Билал, Абдурахманов Нурдөөлөт, Акжолов Абубакирге мектептин Соц.педагогу– Г.Жолборсова карата акция өткөрүп, 2-б класстын класс жетекчиси А. Мурзакматованын « Биз дайым сени менен биргебиз» деген сабагы купулга толуп , окуучусуна белек менен барып келишти.

«12-декабарь –Ч.Айтматов дун каармандары биз менен», «Айтмтовдуе «Ак кемеси» аруулукка , тазалыкка чакырат» , «Ч.Айтматов тирүү болгондо 91 жашка чыкмак» аттуу класстан тышкаркы жана ачык сабактар ды А.Токтосунова , Ж.Эсенбаева, К.Дооранова, Т .Мурзакматовалар өткөрүштү.

Акы төлөнүүчү ийримдердерден Примбердиева Мээрбан « Кылычтын мизи өтпөсө, келтирип айтса , сөз өтөт» аттуу ачык саат 9-10-11- класстардын окуучулары менен ,райБЧБнын директору,завучу менен биргеликте өттү.

17- декабрь күнү «Энелер мектебин» уюштуруу боюнча жалпы ата-энелер жыйыны болуп , маалымат берилип ар бир класстын класс жетекчилери менен биргеликте иш план түзүп, ар айда иштерди алып баруу , ата-энелердин мектепке болгон ой толгоолорун угуп , жакындан байланышып тургандын өзү бала үчүн да , ийгиликтүү болорун айтып жыйынтыктады.

18-декабрь күнү « Жаш жол тескөөчүлөр» сынагы өткөрүлүп , анда мыкты үгүттөөчүлөр 7-класстын окуучулары болду.

« Мыкты сабак –мугалимди шыктандырат» сынагында жалпы мугалимдердин өткөргөн класстан тышкаркы сабактардын жыйынтыгы чыгарылып төмөндөгүдөй бааланды:

Башталгыч класстардан –Сыргабаева Д, Мурзакматова А, Токтомушова С,

5-11-класстар арасында Токтосунова М, Примбердиева М, Нуржанова М. Эсенбаева Ж жана Касымбекова Шайырлар болду.

Жаңы жыл «Балаты майрамын», «Карнавал жана Бал маскарад» өткөрүлүп, «Таза китеп» сынагын уюштуруп китепти таза кармаган окуучу жана класстарга белектер , 1-жарым жылдыктагы ийгиликтерди баса белгилеп, мектеп директору грамоталар берилди.

Маалымат жазган Ж.Маматжанов атындагы орто мектебинин
ТИУсу Солпуева Сабилет.

Scanned with CamScanner